Бишкек шаарынын №14 орто мектеби

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын усулдук бирикмеси

# Сабактан тышкары өткөрүлүүчү иш-чаралар



Бекитемин

№14 орто мектебинин

директору

Сарыгулова Г.Т

**3-март "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусунун кабыл алынган күнүнө карата өткөрүлүүчү линейканын планы**

**Иш-чаранын максаты**: Мектеп окуучуларына КРнын мамлекеттик желегин тааныштыруу жана желек тууралуу маалымат берүү. Окуучулардын патриоттук сезимин ойготуу.

**Иш-чаранын жүрүшү:**

1. КРнын Маммлекеттик Гимни угулат
2. КРнын Мамлекеттик Желеги алып чыгарылат
3. Мектептин директоруна сөз берилет (Сарыгулова Г.Т)
4. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басарына сөз берилет (Омуркулова М.Ж.)
5. Кыргыз Республикасынын Желеги жөнүндө доклад окулат.
6. Көркөм окуу (5-6-класстар)
7. Флешмоб (11-класстар )

Иш-чара эртең менен саат 8:00дө өткөрүлөт. Ар бир окуучу колдоруна кичинекей желекче алып келишет.

Окуучулар тизилип, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни жаңырат.

Кыргыз Республикасынын Желеги жоокерлердин коштоосунда менен алып чыгарылат.

Жалпы жамаат жана окуучуларды куттуктоо үчүн мектептин директору Сарыгулова Г.Т. жана директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары Омуркулова М.Ж. сөз сүйлөйт.

Желек тууралуу маалымат берүү максатында докладды (Ф.И.О) окуйт.

Окуучулар патриоттук ырларды көркөм окушат.

Атам Манас сыяктуу,
Эр болсом деп тилеймин.
Душман кечип ото албас,
Шер болсом деп тилеймин.

Элге кызмат кылгын деп,
Энем мени тородун.
Чолпонбайдай шер болуп,
Копко тийсин керегим.

Кожожаштай козго атаар,
Мерген болсом жазбаган.
Баатыр болсом Чубактай,
Эч бир жоодон качпаган.

Желек күнүнө арналган иш-чара окуучулардын флешмоб бийлөөсү менен жыйынтыкталат (8-9-10-11-класстар)

Бекитемин:

Директор №14

Сарыгулова Г.Т

Башталгыч класстардын декадасында кыргыз класстардын өтүлүүчү иш-чаранын

# Планы:

**Тема:** Билим башаты башталгыч класс

**Максаты:**

1.Башталгыч класста балдардын билим денгээлине анализ жүргүзүү,байкоо.

2. Сулуу, таза, туура жазууга үйрөтүү жана логикалык ой-жүгүртүүсүн калыптандыруу.

3.Чыгармачылыкка, изденүүгө, ойлоп – тапкычтыкка үйрөтүү.

| № | Өтүлүүчү иш-чаранын темасы | өтүлүүчү күнү | Класс | кабинет |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Декаданын ачылышы | 21.02.22 | 2-к класс | жыйын залы |
| 2 | Ачык сабак “Сандарды 10,100,1000 ге бөлүү” | 25.02.22 | 3-к класс | 6-кабинет |
| 3 | “Мен билем” интелектуалдык оюн | 03.03.22 | 4-к класс | 5-кабинет |
| 4 | Сандар менен сурот тартуу | 25.02.22 | 4-класс | 5-кабинет |
| 5 | Көргөзмө “Балдардын кол эмгеги” | 21.02.22 | 0-класс | файэ |
| 6 | Ким сулуу жазат? Конкурс | 24.02.22 | 1-класс | 5-кабинет |
| 7 | Ачык кагаз конкурсу “Менин папам солдат” | 22.02.22 | 1-2-класс | 5-6 кабинет |

**Бекитем**

**№14 орто мектебинин**

**директору А. Д. Казакбаева**

**________________________**

**«___» ____________ 2022-жыл**

"Жаш манасчылар 2022"

(Музыка)

Сезимден кетпес Манасы (Ажара)

Сен дагы Кыргыз баласы

Мээсинен кетпес Манасы (Назик)

Мен дагы Кыргыз баласы

Акылдан кетпес намысы (Ажара)

Калкым алдагы Кыргыз баласы

Акындарыбыз жазгандай кайсы Кыргыз баласы болбосун Манас дегенде ичкен ашын жерге койбой койбойт. (Назик)

Улуу Манас ар бир кыргыздын жүргөнүн төрүндө, согуп турган тамырында каны менен кошо айланып жүрөт эмеспи. (Ажара)

Ал эми Улуу дүйнө кайсы гана Кыргыз болбосун кандай гана шарт болбосун ар убакта колдоп коштоп келет. (Назик)

**Сиздер менен бирге "Жаш Манасчылар" аттуу иш-чараны ачык деп жарыялоого уруксат этиңиздер. (Чогуу)**

Саламатсыздарбы агай-эжекелер, ата-энелер! (Ажара)

Урматтуу конокторубуз жана"Жаш манасчы" аземинин жалпы катышуучулары!(Назик)

Алтындай убактыларын бөлуп келген , бүгүнку биздин иш-чарабыздын коноктору менен тааныштыра кетсек:(Ажара)

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча Октябрь районундагы билим берүү борборунун жетекчиси Турдакунова Анара Турдакуновна

Элибиздин белгилүү манасчысы ____________________________(Назик)

Жаш манасчылар аземинин жүрүшүндө, манас айткан катышуучулардын арасынан эң алдыңкы үч окуучуну тандап алуубуз керек.

Эң жакшы манас айткан үч окуучуну тандоо үчүн комиссиянын төрайымы: Турдакунова Анара Турдакуновна, комиссиянын мүчөлөрү: мектептин директору Казакбаева Алтынкыз Дайырбековна, манасчы___________________________, кыргыз тили жана адабияты мугалими Исаканов Кубаныч Ажыматович.(Ажара)

Анда эмесе алгачкы сөз Бишкек шаарындагы №14орто мектебинин директору Казакбаева Алтынкыз Дайырбековнага сөз берилет. (Назик)

Музыка

Алты шердин кенжеси

Алманын сүйгөн пендеси

Бабам Манас Султандын

Эрдиги бизге аманат.

"Жаш Манасчы" аземин баштап берүүгө манасчы ________________________________________манас айтып берүү

Үчүн сахнага чакырабыз.(Назик)

Көкөтөйдүн ашынан кийин элибизде "Көкөтөйдүн ашы, көп чырдын башы" – деген лакап сөз калган. Дал ушул бөлүмдү бизге 7к-классынын окуучусу айтып берет. Алина "Көкөтөйдүн ашы". (Ажара)

Аркан бою узарган

Түн ичинде суурса

Өрттөй болуп кызарган

Эң шамдагай курч

Болуп жоонун бетин майтарган

3к-классынын окуучулары: Адилет жана Азирет

"Манаска тизгин берилиши" (Назик)

Болкойгон жапжаш баланын

Шер экенин ким билди.

Чакырган аты Чоң Жинди

Мунун чын Манас атын ким билди.

1к- класстын окуучулары Умама жана Айзуура

“Манастын бала чагы” (Ажара)

Улутубуз Кыргыз

Туу тутабыз намыс

Урааныбыз Манас

Манас Манас, эр Манас

7к класс Жээнбек ____________________________________

(Назик)

Майлаган буудай жүздөнүп,

Күүгүм туман көздөнүп,

Өрттөй көзү бек жайнап,

Каары боюн чын кармап.

Манастын бала агын англис тилинде 6-к классынын окуучусу Арзымат жана 7к – классынын окуучусу Адина айтып берет. (Ажара)

Ушинтип Манас бакырьш,

Кыргыздап ураан чакырып,

Кара даакы жонунда,

Кара чокмор колунда.

4 к – классынын окуучулары Даниел, Ырыскелди, Арууке,Айденектин манас айтуусун угалы.(Назик)

Көргөндүн көөнү бөлүндү,

Арт жагында баланын

кара көк жал көрүндү
Манасың жерге түшкөндө

Нур төгүлүп тоюнду.

Манастын бала чагын 7к-классынын окуучусу Мадина,

Манастын өлүмүн 6к-класстын окуучусу Назик орус тилинде айтышат. (Ажара)

Сундурган найза тартпаган

Сумсайып жоодон качпаган

Душманга назар салдырбаган

Туштуштан каптап жоо келсе

Суурулуп артка кайтпаган.

3к классынын окуучулары: Татына "Манастын Чоң Додурду, Каман алпты жеңгенин, ал эми алтынай "Бакайдын Алтайга барышын" айтат. (Назик)

Кабыландай жойлогон

Калың Кыргыз элим бар

Манастан калган аманат

Кыргызстан деген жерим бар.

6к-классынын окуучусу Юсуф ________________________________

7к классынын окуучусу Ажара Кызсайкал менен Манастын Беттешүүсүн айтып берет.(Назик)

Манасчыларыбыздын өнөрүнө баарыбыз чогуу күбө болдук. Окуучуларыбыздын эмгегин баалоо үчүн калысстар тобунун төрөайымы Турдакунова анара Турдакуновнага сөз берели.(Назик)

Манас кыргыз элинин туу чокусу деп айтылгандай, ар дайым туу тутуп жүрөлү. (Ажара)

Ушуну менен Жаш Манасчылар аттуу иш-чараны жабык деп жарыялайбыз. Саламатта барыңыздар.(Чогуу)

**БЕКИТЕМ**
**№ 14 орто мектебинин**
**директору: А.Д.Казакбаева**

**_____________________**

**01.02.2023- жыл**

# Буйрук

№______08.02.2023ж

Кыргызстанда жашаган этностордун эне тилин өркүндөтүү боюнча жана “21- февраль – Эл аралык эне тил күнүнө” карата өткөрүлүүчү иш – чаралардын айлык планы.

Республикалык жумалыктарды өткөрүү боюнча иш чаралардын программасына ылайык окуу жайларынын мектеп окуучулары үчүн “Мамлекеттик тил – достуктун жана биримдиктин тили” Октябрь району №14 мектеп.

**Буйрук кылам.**

Төмөнкү иш – чаралар өткөрүлсүн.

| № | Иш – чаралар | Программанын жүрүшү | Өтүлгөн күнү | Кабинет | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Класс жетекчилер арасында улуттарды тандоо. | Улуттарды тандоо | 08-02 2023ж | 25каб | Ж.А.Тажимырзаева | |
| 2 | “Мамлекеттик тил достуктун жана биримдиктин тили “ видео куттуктоолор. | Эки тилде айтып берүү; ( 2, 3 мүнөт) Саламдашуу . Тарыхы,маданияты, Үрп-адаты,каада - салттарын көрсөтүп берүү | 16.02 2023ж Шаарга 20.02 2023. | | Класс жетекчилер. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Көргөзмө уюштуруу “ Канча тил билсең, ошончо дил билесиң”.<br>Тарбиялык саат өткөрүлсүн.<br>Эскертүү:<br>(тарбиялык саат өтүлүп жаткан учурда улуттук кийимин кийүү шарт) | А – 4 жалтырак каттуу (глянцевый ) кагазга чыгарат.<br>Мамлекеттин аты, белгилүү инсандары, жаратылышы, улуттук формасы, тамак – ашы, улуттук оюндары,улуттук аспаптары башка улуттардан өзгөчөлүктөрүн чыгарып фойега доскаларга чаптап чыгаруу.<br>Тарбиялык сабактардын иштелмелери тапшырылсын. | 17.02<br>2023ж | фойе | Башталгыч класстардын жетекчиси:<br>Бактыгүл Белкожоевна<br><br>ШМО Кыркабай к Ч<br><br>Башталгыч класстын жалпы мугалимдери. | |
| 4 | “Улуттар аралык достук күнү”5-11-класстар арасында фестиваль өткөрүлсүн. | Эки тилде(5 мүнөт)<br>Саламдашуу<br>Үрп адаты,каада – салтын аткаруу<br>Бий ,Ыр | 21.02<br>2023ж | Актовый зал | | |
| 5 | “Тил – достуктун ачкычы ” изилдөө долбоору.<br>Азербайджан улуту көрсөтүлөт 11- класстын окуучусу .............<br>Акылай | Elmira tokonovna@mail.ru<br>Эки тилде аткаруу<br>Эки окуучу улуттук формада болуусу шарт(ш).<br>Программа;<br>- Саламдашуу ;<br>- Үрп адаты, каада- салты;<br>- Тамак- ашы;<br>- Өзгөчөлүгү;<br>- Кыргыз эли менен окшоштугу | 14.02<br>2023ж<br><br>17.02<br>2023ж | | **Мугалим :**<br>Бабиршаева Наргиза Курманбековна | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | “Эне тил жана руханий маданият”Көркөм окуу(поэзия) | 5 мүнөттө<br>.Аткаруу чеберчилиги, Эмоцианалдуулугу;<br>.Формалары;<br>.Убакытты туура пайдалануусу<br>.Тилинин жатыктыгы, сөздөрдү так, туура , жеткиликтүүлүгү; | 08.02<br>2023ж<br>________ | | Мугалимдер:<br>Г.Б.Сыдыкова.<br>А. Кенжеакун кызы<br>Н.К.Бабиршаева<br>Б.М. Карыбекова | Эскертүү:<br>Башка улуттун окуучулары |
| 7 | “Мен кыргыздын жараны<br>“ аталышында флешмоб даярдоо. Мыктыларын сайттарга жүктөө | Elmira tokonovna@mail.ru жүктөө<br>7-а.б.к флешмоб<br>8- а.б.<br>9- а.б.<br>10а-11а | 17.02<br>2023ж<br>Шаарга<br>21-02<br>2023ж | | 7а Д.Турсункуловна<br>7б Д.Равшановна<br>7к<br>А.Кенжеакуновна<br>8а А. Бактыбековна<br>8б А. Азисовна<br>10а Д. Равшановна<br>11а Э.Николаевна | |
| 8 | Жаш манасчы тобун түзүп, тегерек (кружок) ачуу | 6-11- класстардын окуучулар катыша алышат. 9 окуучу тандалды. Жуманын шейшемби жана бейшемби күндөрү саат 12-10дон 15- 00 го чейин болот. Апрель айына чейин. | | | | Эскертүү:<br>Окуучулар сабактан бошотулат. |
| 9 | Жыйынтыктоо | Маалым кат жазылат | 28.02.23 | | Ж.А.Тажимырзаева | |

**Иш – чаранын өтүлүшүндө жооптуу Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары А.Ж. Тажимырзаевага жүктөлсүн.**

**БЕКИТЕМ**
**№ 14 орто мектебинин**
**директору: А.Д.Казакбаева**

**______________________**

**01.03.2023- жыл**

3- март Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусун кабыл алынган күнү жана улуттук баш кийимди урматтоо менен Ак калпак күнүн белгилөө.

Республикалык жумалыктарды өткөрүү боюнча иш - чаралардын программасына ылайык окуу жайларынын мектеп окуучулары үчүн “**Мамлекеттик Туусунун алдында биригүү**” Октябрь району №14 мектеп.

| № | Иш -чаралар | Программанын жүрүшү | Өтүлгөн күнү,сааты | Кабинет | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдер кеңешмесин өткөрүү | Бир айлык планды тааныштыруу | 01.03. 2023-ж | 25 | Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Ж.А.Тажимырзаева | |
| 2 | 3-март КР Туу күнүн белгилөө | Окуучулар линейкага тизилүү менен салтанаттуу кечени өткөрүү. | 3-март саат 7-45те | Ачык асманда | Уюштуруучу : М.Д.Алиева Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Ж.А.Тажимырзаева | |
| 3 | КР мамлекеттик Туусун көтөрүү. Гимн жаңырат. | 10-11-окуучулары КР Туусун жана ак калпакты алып кирет | саат 7-45те 03.03.23ж | | 10-11 класс | |
| 4 | Кыргыз тили жана адабият мугалимдери Г.Б.Сыдыкова Б.М. Карыбекова доклад окуйт | КР Туусу жана ак калпак күндөрүнүн жаралыш тарыхы жөнүндө. | саат 7-50 дө 03.03.23ж | | Г.Б.Сыдыкова Б.М.Карыбекова | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | (2мүнөт ) | | | | | |
| 5 | Көркөм окуу 5к.6к.7к окуучулар | Мамлекеттик туу жана ак калпак тууралуу | саат 7-52де | | Кыргыз тили жана адабият мугалим<br>Г.Б. Сыдыкова<br>Б.М. Карыбекова<br>Кенжеакун кызы Арзыгүл | |
| 6 | Мекен тууралуу ырлардан | Хор:"Бишкегим" | саат 7-54 тө | | Наргиза Бабиршаева Курманбековна | |
| 7 | 8 - класстар арасында флешмоб | яКыргыз жери | саат 7-57 де | | Айжамал Бактыбековна<br>Аида Азизовна | |
| 8 | Ак калпак күнүн КР Туусу менен кошо белгилөө себеби 5-март дем алыш күнгө туура келди. | Класс жетекчилер 3- март күнү тарбиялык саат өткөрүү. Тема : КР желеги жана Ак калпак күнү боюнча. | 3-март Саат 8-00 | Ар бир предмет ник өтөт. Класс жетекчи. | Мугалимдер<br>Класс жетекчилер. | |
| 9 | Фото отчет алабыз тарбиялык саатардан | Цоорго тапшырылат | саат 8-10 | | Кенжеакун кызы Арзыгүл<br>Акылбек кызы Айгерим | |
| 10 | КР Туусу жана Ак калпак күнүнө карата окуучулар арасында кереге кеңешме өтүлөт. | 9 – 10 – класстар арасында улуу күндүн урматына презентациялоо | Саат 11-00до | Актовый залда | К.А. Исаканов<br>Б.К. Дүйшеева | |
| 11 | Тактайчаларга КР Туусун жана Ак | тарыхын | 2-март | фое | Акылбек кызы Айгерим<br>Ж.А. Тажимырзаева. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | калпак күнүн жасалгалоо | | | | | |
| 12 | Нооруз күнүн белгилөө | Кыргыздын каада-салттарынан аткаруу | | | Жалпы мугалимдер | |
| 13 | Маалым кат. | | | | Ж.А. Тажимырзаева | |

**Иш – чаранын өтүлүшүндө жооптуу Мамлекеттик Тил боюнча директордун орун басары А.Ж. Тажимырзаевага жүктөлсүн.**

**БЕКИТЕМ**

№ 14 орто мектебинин
директору: А.Д.Казакбаева

_______________________

15.03.2023- жыл

18.03.23.

Нооруз майрамын тосуу үчүн план.

Жалпы мугалимдер кыргыздын каада – салтарын кафедрасы менен көрсөтүшөт.

| № | шмолор | Каада - салттар | Жооптуулар | колу | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Башталгыч класстар (орус) | Кыз узатуу | Мария Кашымбековна Жазгүл Орозбековна | | Идиш – аякты улуттук тамак ашын өздөрү алып келет. |
| 2 | Кыргыз тили кафедрасы | Бешике салуу | Б. Мамасалиевна Кенжеакун к А | | Идиш – аякты улуттук тамак ашын өздөрү алып келет. |
| 3 | Гуманитардык кафедрасы | Тушоо кесүү | Ем Тамара Пазыловна | | Идиш – аякты улуттук тамак ашын өздөрү алып келет. |
| 4 | Так илимдер жана математика кафедрасы | Келин алуу | Айжамал Бактыбековна Дамира Махаматжановна | | Идиш – аякты улуттук тамак ашын өздөрү алып келет. |
| 5 | Администрация | Сөйкө салуу | Тажимырзаева Жумагүл Абдивахабовна | | Идиш – аякты улуттук тамак ашын өздөрү алып келет. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Чарба жумушчулары | Бата берүү | Казиева Аида | | Идиш – аякты улуттук тамак ашын өздөрү алып келет. |

Башталгыч класстар (орус) нооруз күнүн алып барат.  (  ысык тамак, чайын камсыздашат)

Бишкек шаарынын
№14 орто мектебинин
директору
А.Д. Казакбаева
___________________

# 5-март “Ак калпак” күнүнө карата өткөрүлүүчү линейканын сценарийи

**Бишкек**

**2022-2023-окуу жылы**

## 5-март “Ак калпак” күнүнө карата өткөрүлүүчү линейканын сценарийи:

- **Кыргыз Республикасынын Гимни**
- **Мектеп директору Сарыгулова Г.Тга сөз берилет**
- **Директордун мамлекеттик тил боюнча орун басарына сөз берилет**
- **Ак калпактын түрлөрү менен таанышытыруу**
- **5.Ак калпак жөнүндө ырларды көркөм окуу(4к класс)**
- **Флешмоб (4-класстар)**

**Кыргыз Республикасынын Гимни жаңырат**

***Алып баруучу:***

Саламатсыздарбы, урматтуу окуучулар жана мугалимдер! Бугун улуттук баш кийимибиз “ак калпактын” урматына “Ак калпак күнү” майрамыңыздар менен куттуктайм! Кыргыз калпагы - ысыкта күндөн, суукта ызгардан сактаган жайлуу баш кийим. Жылда 5-мартта Улуттук баш кийим ак калпактын урматына “Ак калпак күнү” белгиленет. Бул күн 2016-жылдын 29-июнунда жогорку кенештин токтому менен кабыл алынып, жарыяланган.

3. Ал эми жигит үйлөнгөндө ага кыюсу кара калпак кийгизишкен.
Когда молодой парень жениться, то калпак где края чёрного цвета.

Когда молодой парень жениться, то он одевает калпак края которого чёрного цвета.

4. Эгерде үйлөнүп кайра ажырашса же аялы каза болуп калса кара калпак кийгизген.

Если мужчина развёлся или вдовцом то он одевает калпак чёрного цвета.

5. Аппак калпакты айылдагы кадыр-барктуу жана айылдын акылдуу адамына кийгизип,аны төргө өткөрүшкөн.

Белый калпак одевали мудрые мужчины которых уважали.

6. Ал эми бийлик ээлери "Бакай калпак" кийишкен.
"Бакай калпак" одевали владельцы или знатные люди
(Нуртилек, Сауле, Изат, Альмира, Юля, Катя, Айман )

***Алып баруучу:***

Асмандан жарык көрсөң жылдыз деп бил,

Ак калпак кийгендерди кыргыз деп бил.

4к-класстын окуучулары көрком ыр айтышат.

Ак калпагы кыргыздын,

Жарчысы бол достуктун

Ак калпагы кыргыздын,

Элчиси бол тынчтыктын.

Ак мөнгүсү ааламдан тынчтык тиреп,

Ак чокулар даңкайып асман тиреп.

Ала-Тоодой апапак ак калпакты,

Ак тилектүү апапак кыргыз кийет

Кийгенде башка жарашкан,

Суктанып баары карашкан.

Ак калпак калгшан мураска

Атабыз айкөл манастан.

4-класстын окуучулар ак калпак кийип флешмоб бийлешет.

Бишкек шаарынын

№14 орто мектебинин

директору

А.Д. Казакбаева

____________________

# 21-март "Нооруз" майрамына карата түзүлгөн "Кел Ноорузум!" аттуу иш чаранын сценарийи

**Бишкек**

**2022-2023-окуу жылы**

## 21-март Ноорузга карата “ Кел Ноорузум”аттуу иш- чаранын сценарийи

1. Саламдашуу
2. башталгыч класстар
- Ыр (4к, 3б, 4а-клаастар)
- Бий ( 3а, 2к)
- Сценка( 4б, 3а)

3. 5а – класс: Хор ырдашат
4. 5б - класс: кыргыз бий
5. 6а – класс: көркөм ыр, хор
6. 6б – клас: сценка
7. 7а – класс: ыр
8. 7б- класс: көркөм ыр
9. 8а – класс: хор ырдашат
10. 8б- класс: сценка
11. 9а – класс: бий
12. 10а - класс: сценка

**5-клаастан 10-класска чейин тамак – аш конкрусу уютурулат**

**5-класстар: кыргыз улуттук тамак шы, суусундуктары**
**6-класстар: орус улуттук тамагы, суусундуктары**
**7-класстар: түрк элинин улуттук тамагы, суусундуктары**
**8-класстар: уйгур элинин улуттук тамагы, суусундуктары**
**9-класстар: корей элдеринин улуттук тамагы, суусундуктары**
**10-класстар: Тажик элинин улуттук тамагы, суусундуктары.**

**Биринчи алып баруучу:**

Нурга бөлөп талаа түзүн, тоо учун,

Улам бийик оболоду добушуң.

Сагындырып неге мынча кеч келдиң?

Салам сага санжыргалуу Ноорузум!

Саламатсыздарбы  билим берген мугалимдер! Акылы тунук, тартиби бийик окуучулар!

**Экинчи алып баруучу:**

Элибиз калың журтболсун,

Жериме дөөлөт кут консун.

Тилегибиз ушул  Ноорузда,

Жакшылык иштер көп болсун.

Деген тилек менен баарыңыздарды Нооруз майрамыңыздар менен куттуктайбыз!

**Биринчи алып баруучу:**

Арча менен аластап,

Аруулап жерди алалы.

От менен баарын тазалап,

Кызыкты анан салалы.  Нооруздун негизги белгилерин бири аластоо. Азыр 11-класстын окуучулары баарыбызды тазалап, аруулантып алас айтып берсин.

Алас, алас,
Ар балээден калас,
Эски жыл кетти,
Жаңы жыл келди.

Алас, алас,

Айдан аман,

Жылдан эсен,

Жакшылыкты теңир берди,

Жарык күндү кеңири берди.

Орообуз даңга толсун,

Оозубуз нанга толсун!

**Экинчи алып баруучу:**

Аруу-таза тилектен соң "Нооруз" жөнүндө кыскача айта кетсек:

"Нооруз - деген сөз жаңы жыл, жаңы күн дегенди түшүндүрөт. Бул күнү күн менен түндүн узактыгы теңелип, жаңы жылдын күнү башталат. Дүйнө жаңырат! Байыркы чыгыш элдеринде, ошонун ичинде кыргыздарда 2000-жылдан ашуун айтылып келүүдө."

**Биринчи алып баруучу:**

Нооруз майрамына арналган башталгы клаастын өнөрлөрүнө күбө бололу.

Көңүл көктөп жазда баары жашарат

Көркү чыгып асман чайыттай ачылат.

Канаттуулар кайкып учуп үн салып,

Көзгө сүйкүм табиятта салтанат.

Созолоното обон созгон ырчы балдарды сахнадан көрөбүз.

(4к, 3б, 4а - клаастар ырдышыт)

**Экинчи алып баруучу:**

Түшүнбөдүм неге мынча чочулашат,

Так көтөрүп бутумду мен бийлесем.

Атам-апам, жада калса чо□ энем да,

Улам эле «Секирбе!» деп урушат.

А мен болсо такыр эле тура албайм,

Түрлүү күүлөр кулагыма угулат.

Сиздер менен так секире бийлеген 3а жана 2к класстарынын бийин чогуу көрөлү.

**Биринчи алып баруучу:**

Ноорузда “сүмөлөк” жасоо салттуу тамак. Сүмөлөк качан кантип пайда болгонун баарыбыз эле биле бербесек керек. Билгиңиздер келип турган болсо, 3к-класстардын окуучулар бизге көргөзүп берсин. Ага улай эле 4б-класстардын дагы сахна чеберчилигин көрүңүздөр.

**Экинчи алып баруучу:**

Башталгыч класстардын эмгегине,өнөрүнө чоң таазим кылуу менен концертибиздин экинчи бөлүгүнө өтөбүз.

**Биринчи алып баруучу:**

Экинчи бөлүктө 5-клаасстан 10-клааска чейинки класстардын өнөрүнө күбө болуу менен бирге тамак аш конкрусун уюштурабыз. Конкрустун шарты боюнча ар бир класска ар башка улуттар бөлүнгөн. Ошол элдин улуттук тамак – ашын жана улуттук суусундуктарын көргөзүп беришет. Улуттук тамак-аш канчалык деңгээлде даярдалды, ошол улутка тиешелүүлүгүн баалап “1”, “2”, “3” орундар берилет.

**Экинчи алып баруучу:**

Ыр ырдап обон созолу,

Бий бийлеп майрам тосолу.

Өнөрүң болсо өргө чап.

Жөн турбай биз да коштойлу.

Кезекти 5а жана 5б клаастарына беребиз да калган класстар кезек-кезеги менен улантып кетиңиздер.

**Биринчи алып баруучу:**

Элибизге мейман келсе,
Жайылат ак дасторкон.
Дүйүм тамак, шербет мейиз,
Дасторконго жык толгон.

Демекчи, ар бир класс тамак ашыңыздар менен келип тааныштырып өтүңүздөр.

**Экинчи алып баруучу:**

Келди мына келди мына жаз майрам,

Берекке жаап кут төгүлүп асмандан.

Кыргызымдын кыйыры узун тарыхы,

Сүмөлөктүн бал даамынан башталган.

Бишкек шаарынын №14 орто мектеби

# Тарбиялык саат



## Сабактын темасы: Өздүк гигиенаны таза сактоо

## 6-К класс

Мугалим: Сыдыкова Г.Б.

**Сабактын темасы: Өздүк гигиенаны таза сактоо**

**Классы: 6-к каласс**

**Мугалим: Сыдыкова Г.Б.**

Максаты:

1.Өздүк гигиена тууралуу түшүнүк берүү

2.Гигиена эрежелери менен тааныштыруу

3. Гигиена эрежелерин сактоонун зарылдыгын ачып берүү

Жабдылышы: Сүрөттөр , ватман, маркер, флипчарт

Сабактын жүрүшү:

1. Тема менен тааныштыруу

2.Гигиеналык шарттар

3.Өздүк гигиена терминин түшүндүрүү

4. Гигиена эрежелери менен тааныштыруу

5.Топтордо иштөө

1.Топ -гигиеналык шарттар

2.Топ-дененин гигиенасы

3.Топ-ооз көндөйүнүн гигиенасы

4.Топ-өндүрүштүк жайлардын гигиенасы

6.Иштерин презентациялоо

7.Жыйынтыктоо

1. **Мугалимдин сөзү**: Балдар, биз бүгүн өздүк гигиена жөнүндө маек курабыз жана гигиенанын шарттары, маанисин түшүнөбүз.

Алгач «гигиена» деген сөздүн чечмеленишин окуп көрөлү

Грек тилинен ги- «соо» , гиена «саламаттык» сөзүнөн- гигиеналык эрежелер жыйындысы, аны сактоо жана аткаруу адамдын ден соолугун чыңдоого көмөктөшөт.

Балдар, силер кандай гигиеналык шарттарды билесинер? Келгиле чогуу айтып көрөлү.

1. Акыл эмгеги менен күч эмгегин туура айкалыштыруу.

2.Физкультура менен машыгуу

3.Жакшылап үзгүлтүксүз тамактануу

4.Уйкуну кандыруу

Теринин нормалары жана гигиена эрежелерине токтололу:

1. Тери кургак, майлуу же нормада болушу мүмкүн

2.Ар бир адам өзүнүн терисинин өзгөчөлүктөрүн жана аны күтүүнү билүүсү зарыл

3.Чандуу жерде иштегендер жана терчил адамдар күн сайын душка, ошондой эле жумасына бир жолу мончодо сууга түшүп, ич кийимин алмаштыруусу зарыл.(Ажар)

Демек балдар терини күтүүнүн кандай эрежелери бар экен?

Эми балдар, дене гигиенасына токтололу:

1.Дененин булгануучу жерлери: кол, бет, моюн жана бут кошумча кароого муктаж

2.Колду бат-бат жууп, бетти жана моюнду эртен менен, уктаардын алдында жууган жетиштүү.

3.Бутту жатаарда күнүгө, айрыкча жайкысын самындап жуу зарыл.

4.Бутка жакшы карабай койгон учурда териде, буттун манжаларынын ортосунда тер жана кир чогулуп, микроорганизмдер көбөйөт. Ушунданы улам ал жерде теринин ириндүү оорулары, мите козукарын оорулары пайда болот.

Дененин кандай гигиенасы бар экен?

Эми ооз көндөйүнүн гигиенасына токтололу

1.Ооз көндөйүн таза кароо тиштин эле бүтүн сакталышына көмөктөшпөстөн, ички органдардын көптөгөн ооруларын алдын алат

2.Тишти күн сайын тиш порошок, паста менен жууп туруу жана ар бир тамак ичкен сайын оозду чайкоо керек.

3.Ооздо жаман жыт байкалса врачка кайрылуу зарыл.

4.Тиш щеткалары тиштин жана бүйлөнүн абалына жараша тандалат.

5.Тиштин чириши башталганга чейин тиштеги ташты тазалоо, ооз көндөйүн дарылоо

жана башка чараларды көрүү үчүн жылына эки жолу стоматологго кайрылуу зарыл.

Демек ооз көндөйүнун гигиенасын сактоо кандай мааниге ээ экен?

Азыр өндүрүштүк жайлардын гигиенасына токтололу.

1.Денени жана ич кийимди, жумушчу кийимди таза кармоо менен бирге турак жай

бөлмөлөрүн, ашкана бөлмөсүн, ошондой эле өндүрүштүк жайларды да таза күтүү зарыл.

2.Үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн төшөк-орун жана сүлгүсү болушу сунушталат.

Балдардын организминин туура өсүүсүнө аба,күн,суу процедуралары, дене-тарбия көнүгүүлөрү,кыймылдуу оюндар,жетиштүү жана туура тамактануу чон мааниге ээ.

Топтордо иштөө

Иштерин презентациялоо

Жыйынтыктоо

1.Бүгүн мен эмне жөнүндө билдим ?

2.Мен үчүн алган маалыматтардын кандай пайдасы бар?



Бишкек шаарынын №14 орто мектеби

# Тарбиялык саат



## Сабактын темасы: Тамекинин зыяндуулугу

## 7-К класс

Мугалим: Кенжеакун кызы Арзыгүл

**Сабактын темасы:** **Тамекинин зыяндуулугу**

**Классы: 7-к класс**

**Сабактын максаттары:**

1. Тамекини пайдалануу - адамдардын ден соолугуна зыяндуу экендигин түшүнүшөт.
2. Жашоодо туура жолду тандоого багыт алышат жана коомдугу тамеки чегүү көйгөйүн жөнгө салууга аракеттенишет.
3. Тамекинин ден соолукка, үй-бүлөгө жана коомго тийгизген терс тасирлерин талдашат.

**Сабактын жабдылышы:**

Адамдын ички органдарынын сүрөттөрү, ар түрдүү картиналар, таркатмалар, А-3, А-4 өлчөмүндөгү барактар, ватман, маркер, доска, бор жана ар түрдүү маалыматтар.

Сабактын тиби: Түшүндүрмөлүү сабак

Сабактын усулу (медоду): Баяндоо,изилдөө,талкулоо, аңгемелешүү

Сабактын формасы: Стандарттык класстык жана топ менен иштөө сабагы

Сабактын жүрүшү:

1) Уюштуруу иши: Саламдашуу, тизмени тактоо, класстын тазалыгына көнүл бөлүү,психоллогиялык жагдай түзүү.

Сабактын максаттарын айтуу:

-Балдар бүгүн биз силер менен жугуштуу эмес оорулар жөнүндө б.а. тамеки чегүүнүн зыяндуулугу жөнүндө түшүнүк алабиз.

-Жашогодо туура жолду тандоого багыт алабыз.

- Тамекинини ден соолукка, үй-бүлөгө жана коомго тийгизген терс таасирлерин анализдейбиз.

Анда алгач бул тууралуу кыскача доклодды угуп, андан кийин сабагыбызды улайлы.

Тамеки чегүү–жашоонун принциптерине, адептүү жүрүш-турушка, маданияттуулукка ылайык келбеген социалдык дарт.

XXI кылымда жашай турган жаш адамдардар андан качууга тийиш. Тамеки

чегүүчү адамдар тубаса жаралышпайт. Алар өз учурунда эскертүү укпай, тамекиге сунулган колун өз убагында тартып койбогон адамдардан жаралат. Тамеки чегүү адамдардын көптөгөн органдарын бузуп, дарылап айыктырууга кыйын болгон дарттарды пайда кылат. Ашказандын гастрит (язва) ооруларын жаратса, боордо цирроз оорусун пайда кылып, боордун көлөмүн кичирейтип, аны чүрүштүрүп катырат, бул – эң оор дарт.

Жүрөктө ар кандай кысылма дарттардын жаралышына шарт түзөт. Айтор, тамеки терс таасирин тийгизбеген орган жок. Тамекинин курамындагы уулуу заттар эң оболу нерв системасын бузат. Баш мээни атрофияга (көлөмү менен массасы кичирейет, функциясы начарлайт, алсызданат) учуратат.

Тамеки түтүнүнүн таасири адамдын органдарынын бардыгы үчүн олуттуу кесепеттерге алып келет. Силер тамеки түтүнүнөн дем алган учурда, ал оозунар менен тамагыңар аркылуу өтүп, өпкөгө келип түшөт. Түтүндө 4 миңден ашык химикаттар бар. Анын ичинде ракты пайда кылуучу өтө уулуу заттар камтылган. Тамеки чегүү сырткы көрүнүшкө да терс таасирин тийгизет. Ал тиштердин жана тырмактардын саргаяюусун пайда кылат. Ошондой эле бырыштардын санын көбөйтөт. Тамеки чеккенден кийин андан кутулуу абдан оор. Ошондуктан, эң башкысы тамеки чегип көрүүнүн кереги жок. Демек, окуучулар “Мен тамеки тартуу сыяктуу жаман адатка эч качан жолобойм”,- деген бекем ишенимге келгиле! Ден соолугуңар менен өмүрүңөрдүн бактысы өз колуңарда экендигин унутпагыла!

**Тамекинин зыяндуулуктарын аныктоо:**

(доскада ватманда тартылган сүрөт менен иштөө):

1.Баш мээни жана нерв системасын жабыркатат. Эске тутууну начарлатат,мээнин майда бөлүктөрүн бузуп, ой жүгүртүүнү кечеңдетет. Өспүрүмдүн физикалык жактан өсүүсүнө терс таасирин тийгизет.

2.Жүрөк жана кан тамырларды жабыркатат. Дем кыстыгууну пайда кылып, жүрөктүн иштешин начарлатат. Рак оорусунун пайда болуусуна алып келет.

3.Боорду жабыркатат. Зат алмашуу бузулат, анын натыйжасында боордун

циррозунун өөрчүү коркунучун жогорулатат.

4.Ашказан жана ичегини жабыркатат. Ашказандын былжыр челин

дүүлүктүрүп, ашказандын иштешин начарлатып, гастритке алып келет. Тамакаштын сиңирилишин оорлотот.

5. Адамдын сырткы келбетин жабыркатат. Көзүн жана

мурдун кызартып, шишитип, бетке ар кандай жагымсыз безеткилер

чыгышы мүмкүн жана эрте бырыш түшүрөт.

**Топ менен иштөө:**

1-топ: Тамеки чегүүгө эмне түрткү болот?

(Сүрөт менен иштөө)

2-топ: Тамекинин коомго тийгизген зыянын аныкташат жана

зыяндан сырткары пайдасы барбы?

(Бул тууралуу ватманга ойлорун жазышат)

3-топ: Тамеки чегүүнүн ордуна эмне кылуу керек?

(Ватманга ойлорун жазышат)

**Таркатмалар менен иштөө:**

(Тамект тууралуу айтылган учкул сөздөдүн маанилерин чечмелешет)

1.Ким чексе тамеки же нас,

ал адам өзүнө өзү кас.

2.Тамеки - дени соо адамды заматта майыпка айландарат.

3.Адам эки жашабайт, бирок, бир жолку өмүрүн татыктуу жашай

албагандар да жок эмес.

4.Тамеки- бул жашоону акырындык менен азапке салган дарт.

**Жыйынтыктоо:**

Ар бир адам – кайталангыс инсанбыз. Дүйнөгө бр жаралган соң жашообузду

ден соолукта өткөрүүбүз керек. Ар бир адамдын ден соолугу өз колунда.

Ошондуктан тамеки чегүүдөн алыс болуп, туура жолду тандайлы жана улутубуздун


саламаттыгы үчүн, мамлекетибиздин келечеги үчүн биргеликте күрөшөлү.

Үйгө тапшырма:

"Тамеки чегүү – өмүргө зыян" деген темада эссе жазуу

Бишкек шаарынын №14 орто мектеби

# Тарбиялык саат



## Сабактын темасы: Жолдо жүрүүнүн эрежелери

## 5-К класс

Мугалим: Карыбекова Б.М.

Предмети: Тарбиялык саат

Классы: 5-к класс

Сабактын темасы: Жолдо жүрүү эрежелери.

Сабактын максаты:

- Окуучуларга жол эрежесин түшүндүрүү жана жол белгилерин так билүүгө үйрөтүү.
- Балдарды жолдо жүрүүдө тыкан алып жүрүүгө, көңүл бурууга, тартиптүүлүккө тарбиялоо.
- Ынтымактуулукка, жардамдашууга тарбияланышат.

Көрсөткүчтөр: Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:

- Окуучулар жол эрежесин түшүнүшсө жана жол белгилерин так билүүгө үйрөнүшсө.
- Балдар өзүн-өзү жолдо жүрүүдө тыкан алып жүрүүгө, көңүл бурууга, тартиптүүлүккө тарбияланышса.
- Ынтымактуулукка, жардамдашууга тарбияланышса.

Уюштуруу. Мугалим окуучуларга жагымдуу маанай тартулоо менен саламдашат.

Окуучунун ишмердүүлүгү.

Окуучулар мугалим менен саламдашат.

Жаңы теманы түшүндүрүү.

Мугалим сабактын максатын жана темасын тааныштырат. Ар бирибиз жолдо жүрүү эрежесин жакшы билүүгө тийишпиз. Көчөдө басуу өтө деле кыйын эмес, бирок шаарда жана айыл кыштактагы көчөлөрдөгү автомобилдер, автобус, троллейбустар тынымсыз ары-бери өтүп турушун баарыбыз көрүп, билип жүрөбүз. Мына ошол тынымсыз жүргөн түрдүү машиналардан этият (сак) болууга үйрөтүү баарыбыздын милдетибиз.

Машина айдоочулар эреже боюнча так жүрүүгө аракет кылышат. Себеби айдоочуларга жолдо жүрүүнүн эрежесин так окутуп, анан машина айдоо укугун беришет. Жалаң эле машина айдоочулардын жол эрежеси эмес, жөө жүргөн адамдардын да жолдо жүрүү эрежеси бар. Андыктан жол эрежесин окуп үйрөнүп, аны ар дайым так сактоо биздин милдет. Биз жөө жүрүү эрежесин так билбесек, анда жол эрежесин бузуп, көптөгөн кырсыкка кабылып өзүбүздүн өмүрүбүзгө, ден соолугубузга жана машина айдоочуга зыян алып келебиз. Светофордун ар бир жарыгы өзүнчө символдук мааниге ээ.

Жашыл жарык-бул өзү жашоонун жана ден соолуктун ошондой эле жашоодогу жолуң ар дайым ачык деген символду билдирет.

Сары жарык-бул адамды бөөдө кырсыктан сак болууга, жашоодо ар бир адамдын кылдат жашоосуна багыт берүүчү символдук белги болуп саналат. Ошондуктан биз окуп үйрөнүүчү жол эрежелери боюнча.

Кызыл жарык күгөн кезде токтоо керек.Бул жарыкка   көнүл бөлүү керек. Ар дайым адамдардын коопсуздугу үчүн кызмат кылат.

Жол үстүндө үч кабат

Илинген нурду карагын

Светофор деп коет

Эсиңе ал, өчүп жанганын.

Жанаша турган көзү бар,

Жакшылап айткан сөзү бар.

Кызыл, сары, жашыл да,

Так көргөзгөн жолу бар.

Ал эми темир жол аркылуу эмне жүрөт?

Балдар: Паровоз.

Ооба, балдар анда биз темир жолдо жүргөн паровоз жөнүндө айта кетели.

Кыя бел, кыштак шаардан,

Шашып кетет паровоз.

Азык, түлүк, эл тартып

Бачым келет паровоз.

Темир жолго ойнобо!

Тепсебейт деп ойлобо.

Токтото албайт поездди

Темир жолдон алыс бол!

Бул айткандын баарысын

Эсиңерге тут балдар!

Окуучунун ишмердүүлүгү.

Окуучулар жолдо жүрүү эрежесин сүрөттөр аркылуу таанып билүүгө үйрөнүшөт.









Талкулоо үчүн суроолор:

Мугалим окуучуларга өтүлгөн тема боюнча суроо берет.

Светофордун жөө жүргүнчүлөргө кандай пайдасы бар?

Жолдо жүрүү эрежесин кимдер сактоосу зарыл?

Жөө жүргүнчүлөр жолдун кайсы жеринен өтүүсү керек?

Окуучунун ишмердүүлүгү:

Окуучулар берилген суроого жооп берүүгө аракет кылышат.

Сабакты жыйынтыктоо:

Үйгө тапшырма берүү:

Мугалим окуучуларга үйгө тапшырма “Жолдо жүрүүнүн эрежелери!” боюнча кроосворд түзүп келүүнү тапшырма берет.